УДК: 301.194.5 (575.2)

**Табылдыева Кундуз**
И.Арабаев атындагы КМУна караштуу Э.Маанаев атындагы ТСУББФ магистранты
**Табылдыева Кундуз**
магистрант ФИСПО им.Э.Манааева КГУ им.И.Арабаеа
**Tabyldyeva Kunduz**
master's FISPO named after E. Manaev KSU named after I. Arabaea

# КАРТАЙГАН АДАМ СОЦИАЛДЫК ИШТИН КЛИЕНТТИ КАТАРЫ

# ПОЖИЛОЙ ЧЕЛОВЕК КАК КЛИЕНТ СОЦИАЛЬНОЙ РАБОТЫ

# ELDERLY PERSON AS A SOCIAL WORK CLIENT

**Аннотация:** Бул макалада автор тарабынан улгайган адамдардын социалдык ордун жана социалдык геронтология илиминин негизги объектиси катары аныкталаары каралды. Ошондой эле картайуунун биологиялык, психологиялык, социалдык турлору тескоого алынып, алардын маныздары чечмеленген. Улгайып калган адамдын социалдык даражасынын өзгөрүшү белгиленген. Автордун пикири боюнча социалдык дараданын озгорушуно жараша социалдык көмөккө муктаж болгон карыгандардын кыргыз коомунда арбындоодо.

**Аннотация:** В статье автор рассматривает социальный статус пожилых людей и их определение как главный объект социальной геронтологии. Также анализируется биологические, психологические и социальные типы старения и разъясняется их сущность. Отмечаются изменения социального статуса пожилых людей. По мнению автора, количество пожилых людей, нуждающихся в социальной помощи, в кыргызском обществе растет в связи с изменением социального статуса.

**Resume:** In the article, the author examines the social status of the elderly and their definition as the main object of social gerontology. It also analyzes biological, psychological and social types of aging and explains their essence. Changes in the social status of older people are noted. According to the author, the number of elderly people in need of social assistance in Kyrgyz society is growing due to a change in social status.

**Негизги сөздөр:** мамлекет, коом, социалдык, саясат, илим, геронтология, карыгандар, пенсия

**Ключевые слова:** государство, общество, социальная, политика, наука, геронтология, пожилые люди, пенсия.

**Key words**: state, society, social, politics, science, gerontology, elderly people, pension.

XX-кылымдын акыркы 50 жылынын ичинде карылык калктын дүйнөлүк масштабда тездик менен өнүгүп жатат жана анын негизинде картайган мамлекеттердин саны арбыдоо. Ошондуктан, онүккөн өлкөлөрдө коомдогу картайуу эң негизги көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелет.

Бириккен улуттар уюмунун маалыматтына таянсак улгайган жараандарга 60-74,карыларга 75-89, ал эми 90 жаштагыларды узакка жашоочуларга бөлушкөн. Картайуунун эң негизги себеби- ымыркайлардын төрөлүү саны азайышы, кары адамдардын көбүрөөк

жашашы. Дал ушул корсотулгон куракка келген калктын катмары социалдык жактан жардамга муктаж боло баштайт. Ошондуктан социалдык кызмат көрсөтүп жаткан учурда улгайган адамдын социалдык даражасы ,эмнеге муктаж экендигин аныктап тактоого милдеттүү. Аны тактоо максатында илимде социалдык геронтология илими калыптана баштаган. Тагыраак эскертип айта кетчүү нерсе картайууга окумуштуулар ар кандай көз караште карашкан жана карап келишүүдө [1, 15-б.]. Социалдык геронтология биологиялык процесстерди изилдейт, социалдык чараларды жана мүмкүнчүлүктөрдү табуу үчүн улгайган адам, карылардын денелик жана руханий маанисин сактоо. Ошондуктан карыянын жашоо шарты жана жашоо образы көйгөйү социалдык геронтология илиминин негизги маселелеринен болууда. Социалдык геронтология, мисалы: биологиялык,физиологиялык, психологиялык жана социалдык жагынан ар ким ар кандай түшүндүрмө берип келишүүдө. Картайуу процесси коомдогу группада жана жалгыз бир индивидде бир калыпта өтпөйт. Бизге практика жүзүндө белгилүү болгондой карыган адам деп пенсияга чыккан жарандарды кабыл алабыз.Бирок бул чектөөбирдей болушу мүмкүн эмес , себеби ар бир өлкөдө пенсианын курагы ар башка. Аял киши закон боюнча эркек кишиден 2-3 жылга эрте чыгат. Биздин өлкөдө аял киши 58 жашында,эркектер 63 жашынан баштап пенсия алууга укуктуу болуп эсептелет [2, 32-б.]. Социалдык кызматкер үчүн эң негизги ,маанилүү фактору болуп пенсионердин же улгайган адамдын жашоо турмушуна байланыштуу болгон социалдык жана психологиялык абалы эсептелет.

Социалдык геронтология карылык процессинин өзгөчөлүктөрү деп:

- Ар кандай клеткалардын картаюунун бир эле мезгилде башталышы.

- Курактык өзгөрүүлөрдүн ар кандай катаалдыгы органдар, ал тургай бир эле органдын ар кандай структураларында.

-ар кандай органдарда жана тутумдарда жашка байланыштуу өзгөрүүлөрдүн пайда болушу жана алардын ар кандай ылдамдыктагы абалы.

- байланыштуу курактык өзгөрүүлөрдүн айырмачылыгына кээ бирлеринин активдешүүсү жана башка жашоо процесстеринин кысымы.

Карылык - бул негизделген көп себеп процесси генотиптик (эндогендик) жана фенотиптик (экзогендик) факторлордон көз каранды болот. Ошондуктан, адамдын журум-турумунун өзгөрүшүнө негизги себептерин карасак, аларга:

1.Жогорку тепкичтеги кызматтан бошотулушу (башчы, орун басар ж.у.с ) бул негизинен адамдын жан дүйнөсүнөдө социалдык даражасынын төмөндөп кетүүсүнө алып келет.

2)Жаш муундан бөлүнүп улгайган жарандардын катмарына кошулуп калуусу, кызыкчылыгы, өзү үчүн баалуу болгон нерсенин өзгөрүп кетиши.

3).Экономикалык абалынын төмөндөп кетиши. Алар акырындык менен акчаны айоону ,үнөмдөп колдонууну, өзүлөрүнө баалуу болгон нерсени экономикалык абалына карап баа берип калышы.

4).Жалгыздык алардын досуна айланат да. Жашоосун коркунуч аралай баштайт, бөтөн адамдардан коркуу менен жашап калышат.

5). Физикалык жактан алдан тайышы

Ушул нерселерден улам каарылык адам баласына терс таасирин тийгизип жаткандыгын байкасак болот.Пенсионерлер төмөнкүдөй бөлүнүү себептерине өбөлгө болушат [3, 43-б.].

Календарлык каруу-(хронотопический) табигий каруу процессине дуушар болгон организмдин каруусу.

Психологиялык каруу-бул сырткы жана ички факторлордун анатомиялык органдардын иштешинин аныктаган учурдан баштап аныктала баштайт.

Медициналык каруу-бул организмдин конкретүү бир анатомиялык органдын иштешин начарлашынын негизинде картайу (бул картайуга медициналык кийлүгүшүнүн негизинде картайуну токтотууга мумкун болот).

Социалдык каруу–тамактануу.жашоо шартты,кийимдин абалы,чөйрө ,коомдун камсыздандыруу денгээли ,башкача айтканда адамдын карым-катнашынын негизинде картайу. Ар бир адамдын жашоо шарттарына жараша адамдардын картайуусу ар башка абалдарда өтөт [4, с.256]

Практика көрсөтүп тургандай эле улгайган адамдар ар кандай болоорун билүү.Алардын арасында дени карды соосу да,оорукчаны да,үй-бүлөсү менен жашагандар же жалгыз жашагандар, жашоо шарттына ыразы болгондор же нааразылары дагы кездешет. Ушул нерселерге ылайык социалдык кызматкер ар бир улгайган инсандын социалдык абалын, мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн, материалдык жана моралдык абалын, ден-соолугу жөнүндө так маалымакт билүүгө тиешелүү.Улгайып калган адамдын социалдык даражасынын өзгөрүшү,маралдык материалдык абалына өтө начар таасирин тийгизет. Каары адам аталган пенсионердин мүнөзү өтө тез өзгөрүлөт. Мисалы: адам менен тил табышуусу ,жашоонун маңызы бактылуулук жана бир кундүк тизмеси, максатты, дегиле курчап турганр нерсенин жада калса табигат да туп орду менен өзгорүлөт.Бирок,каарылык барибир каарылык . каарылык өзү менен кошо жашоодогу стандарттардын баарын бузуп ,ооруну ,жан дүйнөнүн муңайуусун алып келет. Пенсияга чыккан соң аларда дос жоро жолдошун, жакын адамдарын жорготуп алуу коркунучу,өзүнүн айланасындагны майектердин кысылуусун ушунун баары жашоосунун өзгөрүсүнө ,оң эмоциясынын белгисиз башка тарапка өзгөрүп кетишин ,жалгыздык жана эч кимге кереги жоктук сезимдери улгайган адамдын көңүлүндө терен орун алып алат да,ал ошол ой менен гана жашап кала берет. Ушунун кесепетинен улам улгайган жарандын социалдык даражасы аябай ылдыйкы тепкичке тушуп кетет.

Пенсионерлерди бир топко киргизүүнүн эң негизги белгиси болуп анын жаш курагы эсептелбейт. Аларды бириктирген социалдык пенсия алуучу деген сөз бириктирип турат [5, с.121]. Пенсионердин социалдык даражасы анын пенсиясынын суммасына жараша каралат. Мындайча айтканда ар кайсы кесиптин ээсине ар кандай берилет.Улгайган жарандын кээ бири пенсияны кандайдыр бир окмот тарабынан болунгон сыйлык деп тушунушот .Бирок, бул андай эмес . Себеби пенсия ар бир кызматтагы адамдыкы ар башка өлчөмдөболот . Иштөөгө жарактуу эмес болгон жарандарга пенсия өкмөт тарабынан берилген компенцасия болуп эсептелет.

Пенсия курагындагы улгайган жарандардын жарымынан көбү ишөөсүн улантышат.

Алардын социалдык даражасы, адамдар менен болгон баарлашууда билинип турат да, жана дагы материалдык абалы да өйдөөрөк болот. Себеби аларга иштеген айлык акысы да толугу менен төлөнүп берилет [6, кирүү:12.11.2020].

Улгайган жарандар менен болгон социалдык иш Бириккен Улуттар Уюмунун принциптерине ылайык жүргүзүлүшү шарт болуп эсептелет. Бул принцип 2001 жылдан бери өнүккөн өлкөлөрдө иштеп келет десек эч жаңылышпайбыз.

-Улгайган жарандардын улуттук политиканы иштеп чыгуу менен кошо ,өзүнөн кийинки жаш муун ортосундагы байланышты бекемдоо.

- Кайрымдуулук мекемелерин көбөйтүү .
- Улгайган жарандарды экономикалык кыйроодон корго.

-Атайын каарылар жашоочу мекемелерди жана алардын жашоосун жакшыртып берүү.

-Улгайган адамдардын болгон кем карчын социалдык турдо камсыз кылып берүү.

Бул принципттер көз карандысыздыктын, кам кордуктун өлкө ичиндеги потенциалды көтөрүү менен терен байланышкан.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1.Тарбишалиев Н. Социалдык саясаттын багыттары. –Бишкек. 2012 -123-б

2.Жайлобаева У. Карылык физиологиялык процесс

3. Ниязалиева К. Улгайгандарга карата басмырлоонун формалары –Б., 2016

4.Кожошева У. Старики, подвергшиеся домашнему насилию -Бишкек, 2014 – С. 255-257 .

5.Алышбаева Д.Т. Старость как фактор девиантного поведения пожилых –Б., 2016.

6.Отчет геронтологического центра за 2018 г. -Бишкек. www. gerontology.kg; кирүү: 12.11.2020.

**Рецензент: т.и.к., доцент Өмүрова Ж.К.**